| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР |
|---|---|---|

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 18-декабры №94

Оргочор айылы

**“Оргочор асыл тукум кой заводу” мамлекеттик ишканасынын карызы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-октябрындагы “Муниципалдык менчикке обьектилерди өткөрүп берүү жөнүндөгү” № 536 токтомун, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу агентигинин 2023-жылдын 19-октябрындагы “Муниципалдык менчикке оъектилерди кабыл алуу-өткөрүп берүү боюнча комиссия түзүү жөнүндөгү” №550б буйругунун негизинде Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповдун билдирүүсү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-октябрындагы “Муниципалдык менчикке обьектилерди өткөрүп берүү жөнүндөгү” № 536 токтомунун негшизинде “Оргочор мамлекеттик асыл тукум заводу” мамлекеттик ишканасынын менчигинде турган объектилер (тиркемеге ылайык) муниципалдык менчигине өткөнү эске алынсын.

2. Оргочор жергиликтүү кеңешинин 2025-жылдын 29-январындагы “2025-жылга Оргочор жергиликтүү бюджетин жана 2026-2027-жылдарга токтом долбоорун бекитүү” жөнүндөгү №09 токтомунун негизинде “Оргочор мамлекеттик асыл тукум заводу” мамлекеттик ишканасынын карызы үчүн деп каралган 3 000 000 (үч миллион) сом жергиликтүү бюжеттен толукталып 3 318 640 (үч миллион үч жүз он сегиз миң алты жүз кырк) сом насыяны толук жабууга мыйзамдуулугун эске алуу менен которулуп берилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-октябрындагы “Муниципалдык менчикке обьектилерди өткөрүп берүү жөнүндөгү” № 536 токтомун, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу агентигинин 2023-жылдын 19-октябрындагы “Муниципалдык менчикке оъектилерди кабыл алуу-өткөрүп берүү боюнча комиссия түзүү жөнүндөгү” №550б буйругунун негизинде жана 2023-жылдын 7-августундагы №ГД-380/23 ИЗ Ысык-Көл облусунунун Жети-Өгүз райондук сотунун чеиминде көрсөтүлгөн күрөөгө коюлган мүлк жана техникалар Оргочор айыл өмөтүнүн менчигине өткөрүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышы Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго тапшырылсын.

5. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча

мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин финансы пландоо. Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлөт

**Төрага** **А.Тыныбеков**